УДК: 373.57
DOI: 10.35254/bsu/2023.65.72

Сманбаев Ө.
И. Арабаев атындагы КМУ

# ОКУУЧУЛАРГА АЙЫЛ ЧАРБАСЫНДАГЫ КЕСИПТЕРДЕН ТАНДООГО БАГЫТ БЕРҮҮ

**Кыскача мазмуну**

Макалада Кыргызстандын айыл чарбасын өнүктүрүү менен байланышкан маселени чечүүдөгү айыл мектептеринин ролу каралган. Азыркы кездеги жаңы социалдык–экономикалык шарттар квалификациялуу кесип ээлерине муктаждыкты жаратууда. Мына ушул маселени чечүүдө айыл мектебинин социалдык ролу өсүүдө. Бул өз кезегинде окуучулардын кызыгуусун, жекече өзгөчөлүктөрүн жана айыл чарбасын-дагы өзгөрүүлөрдү эске алып кесип багыт берүүнү жакшыртууну талап кылат.

**Түйүндүү сөздөр:** айыл чарбасы, айыл мектеби, кесип, кесиптик багыт берүү, окутуу, эмгекке тарбиялоо.

Сманбаев Ө.
КГУ им. Арабаева

# ОРИЕНТАЦИЯ УЧАЩИХСЯ К ВЫБОРУ ПРОФЕССИИ В СЕЛЬСКОМ ХОЗЯЙСТВЕ

**Аннотация**

В статье рассматривается роль сельских школ в решении проблем, связанных с развитием сельского хозяйства Кыргызстана. В настоящее время в новых социально-экономических условиях внедрение инновационных технологий и прогрессивных форм организации труда во всех отраслях сельского хозяйства создает потребность в квалифицированных специалистах. В решении этой проблемы возрастает социальная роль сельской школы. Это, в свою очередь, требует совершенствования профориентации с учетом интересов, индивидуальных особенностей учащихся и изменений в сельском хозяйстве.

**Ключевые слова:** сельское хозяйство, сельская школа, профессия, профессио-нальная ориентация, обучение, трудовое воспитание.

Smanbaev Ө.
KSU named after Arabaev

# ORIENTATION OF STUDENTS TO CHOOSE PROFESSIONS IN AGRICULTURE

**Abstracts**

The article discusses the role of rural schools in solving problems related to the development of agriculture in Kyrgyzstan. At present, in the new socio-economic conditions, the introduction of innovative technologies and progressive forms of labor organization in all sectors of agriculture creates a need for qualified specialists. In solving this problem, the social role of the rural school increases. This, in turn, requires the improvement of career guidance, taking into account the interests, individual characteristics of students and changes in agriculture.

**Keywords:** agriculture, rural school, profession, career guidance, training, labor education

Кыргыз Республикасынын 2040-жылга чейинки өнүктүрүүнүн улуттук стратегиялык багыттарында айыл чарбасын туруктуу өнүктүрүү менен өлкөнүн азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу милдети белгиленген[1]. Кыргызстандын базар экономикасына өтүшү менен айыл чарбасында 2022-жылдын 1-янарына карата 468000 чарба жүргүзүүчү ар түрдүү субьекттер түзүлгөн. Анын ичинде 354600 дыйкан-фермердик (75,7%), 112800 жеке ишкердик (24,1%) болсо, калган 0,2% коллективдүү мамлекеттик чарба болуп эсептелет[7]. Айыл чарбасынын бардык тармактарына алдыңкы өндүрүштүк технологиянын, эмгекти уюштуруунун жаңы формаларынын киргизилиши квалификациялуу даярдыгы бар, компе-тенттүү кесип ээлерине болгон муктаждыктарды жаратат[9]. Эмгекти уюштуруунун жаңы шарттарында күндөлүк тажрыйбага, традицияга негизделген кесиптердин ордуна жаңы кесиптер пайда болду. Айыл чарба-сында илимдин жана техниканын жетишкендиктеринин колдонууга негизделген кесиптер дүйнөсүндөгү динамикалуу мүнөз келечектеги кесип ээсинен чарба жүргүзүүнүн алгылыктуу формаларын, татаал түзүлүштөгү автоматташтырылган жабдуулардын иштөө принциптерин, маалыматтык технлогияларды өздөштүрүүнү талап кылат.

Изилдөөнүн жүрүшүндө сурамжылоого катышкан айыл чарбасында эмгектенген (455 адам) жаштардын көпчүлүгү бул тармакта эмгектенген-дердин атайын билими, эмгектик көндүмдөрү болушу деп эсептешет. Мындай көз караш жетишсиз экендигин практика көрсөтүүдө. Иш жүзүндө бул тармакта эмгекти уюштуруунун жаңы шарттары айыл чарба эмгекчисинин төмөндөгүдөй сапаттарды талап кылат :

– жогорку деңгээлдеги кесиптик даярдыкты;
– өзүнүн жумушун рационалдуу уюштуруусу;
– жаңы өндүрүштүк алдыңкы технологияны билиши;
– өндүрүштүн шарттарын, техниканы, маалыматтык технологияны жана башка маселелерди өздөштүрүүгө умтулуусу;
– өндүрүштүк коллективдин алдында жоопкерчиликти сезиши;
– көз карандысыздыгы, өз алдынчалыгы, тобокелдикке барууга даярдыгы, чарба жүргүзүүдө жаңыга умтулгандыгы, мобилдүүлүгү.

Кесип ээсинин мына ушул сапаттарга ээ болушу өз кезегинде эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатат.

Кыргызстандагы 2333 мектептин 70%га жакыны айыл мектеби. **Айыл мектеби республикабызда** билим жана тарбия берүү процессин ишке ашырган, ар түрдүү факторлордун, шарттардын, жыйындысын камтыган социомаданияттык мейкиндиктеги келечектеги компетенттүү кесип ээсин даярдоочу педагогикалык феномен деп айта алабыз[7]. Окумуштуулардын илимий эмгектерине[2;3;4;5], жүргүзгөн изилдөөлөрүбүздүн, таянуу менен

айыл мектеби өсүп келе жаткан жаш муундарга билим, тарбия берүүчү педагогикалык, алардын инсандык сапатын калыптандыруучу социалдаш-тыруучу, айылдын жашоочуларынын муктаждыктарын канааттандырууга багытталган координациялоочу, коомдогу социалдык–экономикалык өзгөрүүлөрдүн шартындагы айылды жаратуучу функцияларды аткарат деп айта алабыз [12].

Айыл мектебинин бүтүрүүчүлөрү бул тармакта эмгектенгендердин катарын толуктоочу негизги резерв болуп саналат. Мектептеги кесиптик багыт берүү иштери озуп жүрүүчүлүк мүнөздө болуп, айыл чарба өндүрүшүндөгү, кесиптер дүйнөсүндөгү өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен үзгүлтүксүз болушу керек. Кесиптик багыт берүү – окуучулардын жеке кызыгуусун, өзгөчөлүктөрүн жана коомдогу эмгек рыногунун керектөөлөрүн, инновациялык өзгөрүүлөрдү эске алып, алардын аң сезим-дүү кесип тандоосуна жардам берүүгө багытталган билим берүүчү, мамлекеттик, коомдук, коммерциялык мекемелердин жана ата-энелердин биргелешкен комплекстүү маалыматтык жана уюштуруучулук- педагогикалык иш аракети [2;5 ж.б.]. Бирок, кийинки кездерде эмгекти уюштуруунун прогрессивдүү формалары, жаңы технологиялар колдонула баштаса дагы мектеп бүтүрүүчүлөрүнүн арасында айыл чарбасындагы кесиптерди тандагандардын саны салыштырмалуу азаюуда. Биринчиден, дале болсо окуучулардын арасында жогорку окуу жайдан окуу керек деген пикир кеңири орун алган. 2022-жылы айыл мектебинин бүтүрүүчүлөрүнүн 59,6%ы жогорку окуу жайдан окуу үчүн жалпы республикалык тестирлөөгө катыщкан [14]. Экинчиден, бүгүнкү күндөбул тармакта кол эмгегинин орчундуу орунду ээлеши, айыл жергесинде элдин жашоосунун деңгээлинин төмөндүгү кандайдыр бир деңгээлде мектеп бүтүрүүчүлөрдүн кесип тандоосуна таасирин тийгизет. Мына ушул жагдайларга байланыштуу көпчүлүгү башка тармактарда иштөөнү каалашат. Үчүнчүдөн, мектеп бүтүрүүчүлөрү коомдогу өзгөрүүлөргө ылайык келген кесип тандоонун жана социалдык-укуктук коргоонун маселелери боюнча начар даярдыгы алардын туура кесип тандоосуна терс таасирин тийгизүүдө. Бул кийин алардын алыскы жана жакынкы өлкөлөргө миграцияланышына алып келүүдө. Натыйжада, ” Айыл жергесинде ким жашайт, ким эмгектенет?” деген суроо пайда болуп, чарбалардын атайын даярдыгы бар кесип ээлерине муктаждыгын жаратууда. Изилдөөнүн жүрүшүндө мектеп бүтүрүүчүсү адегенде өзүн материалдык жактан камсыз кылууну биринчи орунга кой-гонун, андан кийин башкалар баалуулуктар орун алганын байкадык. Көпчү-лүк учурда окуучулардын жекече өзгөчөлүгүн, кызыгуусун жана жергилик-түү социалдык- өндүрүштүк шарттарды эске албай жүргүзүлгөн тарбиялык иш чаралар мектеп бүтүрүүчүсүнүн аң сезимдүү кесип тандап алуусуна жет-киликтүү жардам бере албай жатат. Бул жагдайлар өз кезегинде окуучуларга кесиптик багыт берүү ишин активдештирүүнүн зарылдыгын көрсөтөт.

Окумуштуу Л.В. Горюнованын пикири боюнча жаңы социалдык-экономикалык шарттарда кесип ээсинин өндүрүштүк милдеттерди чечүүсүндө анын кесипкөйлүгү, мобилдүүлүктү

мааниге ээ болот [4]. Кесипкөйлүк – боло турган жумушту уюштуруп, аны аткарууда пайда болгон тоскоолдуктарды жеңе билүү жөндөмү жана ишке чыгармачылык мамилеси. Кесиптик мобилдүүлүк – өндүрүштүк милдеттерди аткарууда ой жүгүртүүнүн өнүгүшү жана анын калыптаныш деңгээли, өз билимин көтөрүүгө жана инновация-лык технологияларды өздөштүрүүгө умтулуусу.

Окуучуларда мектепте мына ушул сапаттарды калыптандыруу алардын келечектеги кесибин тандоодо туура чечим кабыл алуусуна оң таасирин тийгизет.

Окумуштуу Е.В. Коротаева билим берүү чөйрөсү өзүнүн функция-сын аткаруу үчүн педагогикалык процесстин компоненттери өнүктүрүү-чүлүк-эмоционалдык мүнөздө болуш керектигин көрсөткөн [6]. Айыл мектебинин бүтүрүүчүсү эмгекчилдиги, ишке жөндөмдүүлүгү, кең пейил-дүүлүгү, адептүүлүгү жана башка ушул сыяктуу инсандык сапаттарынын калыптангандыгы менен айырмаланып турат [13]. Бирок, алардын айрым-дары өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүн жана шыгын, жөндөмүн төмөн баалашып, кесип тандоодо кыйынчылыктарга кабылышат. Бул жагдайлар ар бир окуучунун жекече өзгөчөлүктүрүн жана жергиликтүү экономикалык региондун квалификациялуу кадрларга муктаждыктарын эске алуу менен анын туура кесип тандап алуусуна системалуу педагогикалык-психоло-гиялык жардам берүү керектигин көрсөтөт. Мына ушуга байланыштуу окуу тарбия иштеринде төмөндөгүлөргө көңүл буруу керек:

– окуучулардын айыл сарбасындагы кесиптерге кызыгуусун жана аны тандоонун негизделген мамиле-мотивин калыптандырууга [12];

–

предметтик сабактардын, класстан мектептен тышкаркы иштердин кесипке багыт берүүчүлүк багытын арттырууну [8];

– окуу тарбия ишинде айыл чарбасында жетишкендиктерди пайдалануу;

–окуучулардын жаңы шарттардагы айыл чарбасындагы эмгекке катыштыруунну;

–кесиптик багыт берүү ишинде алгылыктуу форма жана методдорду колдонууну.

Мектеп айыл мейкиндигиндеги социалдаштыруучу маанилүү институт[13]. Анткени, туура кесип тандап алуу окуучулардын социалдашуу-сунун маанилүү этабы болуп саналат. Аларды аң сезимдүү кесип тандап алууга даярдоодо карама-каршылыктар пайда болот. Бул окуучулардын кесиптик кызыгуусу менен жергиликтүү чарбанын квалификациялуу кесип ээлерине болгон муктаждыктын ортосундагы карама-каршылык. Изилдөө-нүн жүрүшүндө алынган натыйжалар, педагогикалык практикада топтолгон тажрыйбалар аталган карама-каршылыкты чечүү үчүн айыл мектебинде максаттуу жүргүзүлгөн кесиптик багыт берүү ишинде төмөндөгү мүмкүнчүлүктөрдү

эске алуу натыйжалуу боло тургандыгын көрсөттү:

– мектептин жаратылышка жана айыл чарба өндүрүшүнө жакындыгы;

–мектептин жана айылдын жашоочулары менен дайыма байланышы;

–айыл жергесинде улуттук баалуулуктардын, эмгектик традициялар-дын сакталышы;

– окуучуларды айыл чарба эмгегине дайыма катышуусу.

Демек, республикабыздын эл чарбасынын бардык тармактарын, анын ичинде билим берүү системасын модернизациялоонун шартында айыл мектебинде окуучуну аң сезимдүү кесип тандап алууга даярдоодо бирин-чиден – базар экономикасынын шартында Кыргызстандын айыл чарбасынын перспективалык өнүгүшүн, рыноктук механизмдердин жана укуктук шарт-тардын түзүлүшүн, экинчиден – айыл мектебинин билим берүүчү мекеме-ден инновациялык социалдык педагогикалык жана маданий борборго айланып, анын социалдык статусунун мазмундук жактан жаңыланышын эске алуу зарыл [7]. Мектеп окуучуларына айыл чарба кесиптерин тандоого багыт берүүдө обьективдүү (өндүрүштү уюштуруунун шарттары, эмгекти уюштуруунун формаларын, калктын жашоо шартын ж.б.) жана субьективдүү (окуучулардын ден соолугу, кызыгуусу, шык-жөндөмү, мамиле-мотиви ж.б.) өзгөчөлүктөрдү, окуу-тарбия ишинин кесипке багыт берүүчүлүк жана айыл чарба багыттуулугу эске алуу зарыл. Аталган шарттар окуучулардын айыл чарбасынын жана ушул тармактагы кесиптердин социалдык-экономикалык мааниси, аларга коюлган талаптар, өзгөчөлүктөрү ж.б.у.с. маалыматтарга ээ болушуп, кесиптик кызыгууларынын[6] жана аны тандоонун мамиле-мотивдеринин калыптанышына таасирин тийгизет.

Адабияттар

1. 2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиялык багыттары [Электронный ресурс]// http:www/ president. kg > sys > media> download.

2. Гейжан Н.Ф. Теория и практика профессиональной консультации [Текст] / Н.Ф. Гейжан. – М., 1991. – 265 с

3. Гурьянова М.П. Сельская школа и социальная педагогика : пособие для педагогов[Текст] / М.П. Гурьянова. – Минск: Амалфея, 2000. – 448 с.

4. Горюнова Л.В. Профессиональная мобильность специалиста как проблема

развивающего образования России. [Текст] / Л.В. Горюнова: автореф. дисс. ... д.п.н., 13.00.01 – Ростов-на-Дону. 2006.–39 с.

5. Зеер Э.Ф. Основы профориентологии [Текст] / Э.Ф. Зеер, А.М. Павлова, Э.Э. Сыманюк. – М.: Высшая школа, 2005. – 159 с

6. Коротаева Е.В. Педагогическое взаимодействие: опыт проблемного анализа: монография[Текст] / Е.В. Коротаева . – Екатеринбург: УрГПУ. 2007.–276 с.

7. Кыргызстандын айыл чарбасы. 2017-2021 жылдык басылма. –Бишкеке. –2022. – 96 б.

8. Сманбаев Ө.А. Ориентация школьников на сельскохозяйственную профессию во внеклассной и внешкольной работе [Текст] / Ө.А. Сманбаев // Проблемы современной науки и образования. (Россия) — 2016. — №20 (62). — С.76-79. (РИНЦ)

9. Сманбаев Ө.А. Образовательная среда сельской школы как условия профориентация учащихся / Ө.А. Сманбаев // Вестник КГУ им.И. Арабаева Выпуск 1 . Серия: педагогика и психология. —Бишкек.– 2017. – 334-337

10. Smanbaev Ө. A., Amanova A. Ways to increase the efficiency of vocational guidance work in a rural school /O.A., Smanbaev, A. Amanova // alatoo facademic studies. № 1.-2017.130-136., Ways to increase the efficiency of vocational guidance work in a rural school

11. Smanbaev Ө. A. The role of rural schools in the development of the country's regions [Текст] / O.A. Smanbaev // alatoo facademic studies. № 4.-2020.176-186

12. Сманбаев Ө.А. Формирование интереса учащихся к выбору сельскохозяйственных профессий в новых условиях организации труда[Текст] / Ө.А. Сманбаев //Актуальные вопросы образования и науки .Научный журнал. (Россия) №1(71) 2021. –29-31.

13. Сманбаев Ө.А. Азыркы кездеги айыл мектебинин социалдык ролу. Вестник Кыргызстана , №2 (2), 2022 .– Б.48-53.

14. 2022-жылы Жалпы республикалык тестти өткөрүүнүн жана Кыргыз Республикасынын ЖОЖдоруна гранттык жана контракттвк орундарга кабыл алуунун жыйынтыктары.–Б.:2022.–146 б